УДК: 82.09 (572.2)(04)

**Абдыбаева Перизат**
ага илимий кызматкер,
Ч.Айтматов атындагы Тил жана
адабият институту

**Абдыбаева Перизат,**
научный сотрудник,
Институт языка и литературы
им. Ч. Айтматова

**Abdybayeva Perizat,**
researcher,
Institute of Language and Literature
named after Ch. Aitmatov

# КАРА КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫНЫН МЕЗГИЛИНДЕ АДАБИЯТКА БОЛГОН МАМИЛЕ

# ОТНОШЕНИЕ К ЛИТЕРАТУРЕ В ПЕРИОД КАРА-КЫРГЫЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ

# ATTITUDE TO LITERATURE IN THE PERIOD OF THE KARA-KYRGYZ AUTONOMOUS REGION

**Аннотация.** 1924-жылдын аягында Түркстан АССРи жоюлуп, анын ордуна улуттук-мамлекеттик бирикмелер келип чыккан. 1924-жылдын 14-октябрында Кара Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн.

Бул тарыхый окуядан улам чачыранды кыргыз уруулары саясий, экономикалык, маданий жактан баш кошууга, өзүнчө улут катары калыптануууга мүмкүнчүлүк алды. Ошол эле учурда Кыргызстанда адабий чөйрө курала баштаган. Туңгуч адабий ийрим түптөлгөн. Адабиятка кызыккан жаштар адабий уюм түзүшүп, ага "Кызыл учкун" деген ат беришкен. Муну менен жаңыдан калем сынап жүргөндөр кесиптик жактан уюм дашуу, өзүнчө адабий чөйрө жаратуу багытында алгачкы кадамдар жасалган.

**Негизги сөздөр:** Кара кыргыз, адабият, тарых, фольклор, маданият, оозеки чыгармачылык, жыйноочулук, кол жазма.

**Аннотация.** В конце 1924 года Туркестанская АССР была упразднена и заменена национально-государственными образованиями. 14 октября 1924 года была образована Кара-киргизская автономная область.

Благодаря этому историческому событию рассредоточенные кыргызские племена получили возможность политически, экономически, культурно объединиться, сформироваться как отдельная нация. В то же время в Кыргызстане начала складываться литературная сфера. В Кыргызстане было основоно литературный кружок. Молодёж интересующиеся литературой, создали литературную организацию и дали ей название "Красная искра". Этим были сделаны первые шаги в направлении профессиональной организации, создания отдельной литературной среды для начинающих поэтов.

**Ключевые слова:** Кыргызская литература, история, фольклор, культура, устное творчество, коллекционирование, рукопись.

**Abstract.** At the end of 1924, the Turkestan ASSR was abolished and replaced by National-State Institutions. On October 14, 1924, the Kara-Kirghiz Autonomous Region was established.

Thanks to this historical event, the dispersed Kyrgyz tribes had the opportunity to unite politically, economically, culturally, and form as a separate nation. At the same time, the literary sphere began to take form and founded a literary circle in Kyrgyzstan. Young people interested in literature created a literary organization and gave it the name "Red Spark". This was the first step towards professional organization, the creation of a separate literary sphere for newcomer poets.

**Keywords:** Kyrgyz literature, history, folklore, culture, oral art, collection, manuscript.

Кыргыз эли өзүнүн басып өткөн узак жана татаал жолдорунда жалпы түрк элдеринин бирдиктүү тутумунда жалпы орток жазма маданиятка ээ болуп келгени анык.

Бардык элдердегидей эле, кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн алгачкы үлгүлөрү оозеки формада жаралып, өнүгүп калыптанган. Элдин дүйнө таанымын, ой-тилегин, максат-мүдөөлөрүн, асылдык, көркөмдүк жөнүндөгү түшүнүктөрүн чагылдырган көркөм сөз үлгүлөрү муундан-муунга, ооздон-оозго өтүп жашап келген. Нечен кылымдык карт тарыхында кыргыздардын оозеки, поэтикалык бай, санжыргалуу салттары калыптанган.

Тарыхый өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн күчү менен жазуу маданиятынын жогорку деңгээлин сактап кала албаганы менен байыркы доордон Октябрь революциясына чейинки рухий байлыгынын мыкты үлгүлөрү оозеки түрүндө жашоосун улантып келди. Кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын казынасында элибиздин жашоосун, жан-дүйнөсүнүн тереңдигин, үмүт-тилектерин кеңири чагылдырган материалдар бар.

Кыргыз жергесине совет бийлигинин орношу жаңыдан башталган колжазма адабиятынын андан аркы тагдырына бурулуштарды алып келди. Маселен, алардын көпчүлүгүнүн чыгармалары өздөрүнүн мазмунунда камтыган идеяларында өзгөчө диндик багыттагы ойлор жаңы бийликтин саясатына, социалистик идеологиянын жол-жоболоруна туура келген жок. Элге каршы кандайдыр бир коркунучтуу көрүнүш катарында көрсөтүшүп ошол эле Молдо Нияз, Казыбек, Алдаш Молдо, Молдо Кылыч ж.б акындардын чыгармаларын жокко чыгарышты.

Ал эми жазгыч акындардын кээ бирлери өздөрүнүн чыгармачылыгын жаңы бийликтин саясатына ылайыкташтырууга аргасыз болушту. Мисалга алсак Т. Талканбаев, А.Жутакеев, Тоголок Молдо ж.б.

Мына ушундайча түзүлгөн жаңы тарыхый шарттарда эң биринчи кыргыз жазгыч акындары өздөрүнүн калыптанган эстетикалык мектебин, бекемделген адабий салтын орнотууга жана улантууга үлгүрбөй калышты. Ал турмак алардын кол жазмаларынын түп нускалары, колтамгалары, ал гана эмес өмүр баяны да толук сакталбай калышы да дал ушул тарыхый трагедиялуу кырдаалга байланыштуу болду.

Ал эми кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы 1919–1924 жылдарга туура келет. Кыргызжазма адабиятынын, поэзиясынын башталышын А. Токомбаевдин "Өктөбүрдүн келген кези" деген ыры менен байланыштырып келген. Ал "Эркинтоо"

гезитинин 1924-жылдын 7-ноябрында биринчи ирет чыккан санына басылып чыккан. Бирок улуттук басма сөзүбүз пайда боло элек чакта кыргыз элинин өкүлдөрү тарабынан ыр түрүндөгү чыгармалардын бир кыйла санда жазылганын билдирген фактылар бар. Ал чыгармалардын көпчүлүгү өз убагында жарык көрбөй, кол жазмалар бойдон калган, ал эми кээ бирлери ошол учурларда эле кыргызча тектеш тилдерде чыгып турган гезит-журналдарда жана кыргызча туңгуч китептерде басылган. Негизинен алганда 1919-1924-жылдары улуттук басма сөзүбүз али жок чакта кыргыз тилинде адабий багыттагы поэзиялык чыгармалар жазылып да, анча-мынча жарыяланып да келген. Алардын дээрилик баары өз демилгелүү жазуучулук аракеттердин жемиштери катары пайда болгон. Ошондуктан ал ырдын жогорку идеялык-көркөмдүк сапатта жаралышы мүмкүн эмес эле. Мазмун, форма жагынан жакшыраак ырлар К. Тыныстанов жана С Карачев тарабынан жазылган. Мунун себеби аталган эки автор башка калемдештерине салыштырганда көркөм сөзгө жөндөмдүү, билимдүү, ыр жазуу жагынан тажрыйбалуу болушкан.

Тилекке каршы, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эне тилинде өз алдынча ырлар жазып, айрым ырларын жарыялап жүргөн жоон топ жаштардын төрт-бешөөнөн башкасы улуттук басма сөзүбүз жаралган соң жазуучулук иш-аракетин улаган жок. Ошентсе да алардын өз убагында жарык көргөн ырлары, жалпы жонунан чийки чыкканына карабастан, кыргыз ыр өнөрүнүн өнүгүшүнө жаңыча багыт берип, ошо кезде мектептерде окуп жаткан болочок жазуучулардын көркөм адабиятка кызыгуусун ойгото алган.

1924-жылдын аягында Түркстан АССРи жоюлуп, анын ордуна улуттук-мамлекеттик бирикмелер келип чыкты. Ошондо Кыргызстан Россия Федерациясынын курамындагы автономиялуу область деп жарыяланып, 1927-жылдан автономиялуу республикага айландырылды. Бул тарыхый окуядан улам чачыранды кыргыз уруулары саясий, экономикалык, маданий жактан баш кошууга, өзүнчө улут катары калыптанууга мүмкүнчүлүк алды. Ошол эле учурда Кыргызстанда адабий чөйрө курала баштаган. Туңгуч адабий ийрим түптөлгөн. Адабиятка кызыккан жаштар адабий уюм түзүшүп, ага “Кызыл учкун” деген ат беришкен. Муну менен жаңыдан калем сынап жүргөндөр кесиптик жактан уюмдашуу, өзүнчө адабий чөйрө жаратуу багытында алгачкы кадамдар жасалган.

1925–1929-жылдары кыргыз адабияты ушундай тарыхый коомдук, маданий шарттарда өнүккөн.

Эл оозунан жыйналган бай материалдар, “Кара кыргыз адабияты жөнүндөгү ой” аталышындагы кол жазма, системага салынып Кол жазмалар фондунда сакталып турат. Ал кол жазманы тапшырган – белгилүү фольклор жыйноочу Каюм Мифтаков болгон. Ал эл оозунан жыйналып алынган материалдарды анализдеп, кыргыз калк адабияты ырдуу, ырсыз, жарым ырдуу болуп үчкө бөлүнөт деп белгилеген.

1-ырдуу адабиятка жомок, тамсил, кара ыр, күйгөн, увак ыр адабияттары деп киргизип , кайра анын ичинен жетиге бөлгөн.

2-ырсыз адабиятка жөө жомок, күлкү, убак ырсыз адабиятка кирип, ичинен төрткө бөлгөн.

3-жарым ырдуу адабияттар макал, табышмак, жаңылмач деп үчкө бөлгөн [1.109-110-б].

Мурда оозеки айтылып келген чыгармаларды, жалпы эле кыргыз адабиятына байланыштуу матриалдарды адабият теориясынын системасына салып, жиктештирип жанрларга бөлүштүрүүгө аракет кылган. Бул иш ошол өз учурунун адабият теориясына

кошкон чоң салымы болгон. Кара кыргыз адабияты тууралуу ой жүгүртүүдө Каюм Мифтаков кыргыз элинин адабиятын түрк тилдүү элдердин маданиятынын башаты болгон деп жазат. Ал төмөндөгүчө айтылат.

"1-милдеден 300 жыл мурда Ырак Чыгышта Байкал көлүнүн ар жагында "Хакас" өкмөтү да бүгүндөгү теңшерүүлөр менен сап гана кара кыргыз өкмөтү эле деп сүйлөнөт. Бу Хакас өкмөтү кара кыргыздыкы болсо анда кара кыргыз калкы ошо күндө кымырлаган Түрк баласынын барынын маданиятка жол башчы устазы болгон деп айтууга мүмкүн [2. 98-б]".

Ал эми ошол Кара кыргыз деп эмне себептен айтылганын чечмелей кетсек. Кара кыргыз аты эмнеден улам аталгандыгы тууралуу кыргыз калкынын арасында ар түрдүү кептер айтылып келет. Ошол сөзгө өзүнүн баасын берген Каюм Мифтаков "кара кыр огоз" болуп айтылып отуруп кыскартылып айтылганы огоз түрктөрүнүн кырда жүргөнү деген сөздүр деп жазат. Кара сөзүнүн кыргыздарга кошулуп "Кара Кыргыз" деп айтылуусу ошол кездеги орустар казактардан айырмалоо үчүн гана сөз алдына кетиргендир деген пикирин билдирген.

Кыргыз эли оозеки чыгармачылыкка бай жана жомоктордогу каармандарын өздөрүнүн элдик баатырлары катары укмуштуудай күчкө ээ кылып көрсөтүшөт. Негизги эпосубуз болгон "Манас" эпосун да, майда кенже эпостор жөнүндө маалыматты да алгач жазып алган Каюм Мифтаков болгон.

Ал калк адабиятынын жыйноонун негизги максаты катары улуттун тилин, салт санаасын нарк насилин сактап калуу деп белгилеген. Себеби түрк элдеринде өз калк адабиятына орун бербегендиктен тилдери аз эле убакытта өзгөрүп , араб жана фарси тилдерине ооп кетишкен. Каюм Мифтаков: "бир кишинин тиричилиги үчүн от менен суу канчалык керек болсо, бир улуттун дүйнөдө бар болуп жашап туруу үчүн да анын өзүнө калк адабияты ошончо керек [3. 3-б]" – деп жазып калтырган.

Элдик оозеки чыгармачылыкты, кыргыз калк адабиятын жыйноо иши колго алынып, "Манас" баш болгон эпостор, ж.б. фольклордук материалдар чогултулуп, КЖФга өткөрүлө баштаган.

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын орто ченинен тартып, XX кылымдын башында жарала баштаган кыргыз кол жазма адабияты түп нускалардын дээрилик сакталбай калганына карабастан кыргыз элинин маданий тарыхында өзүнчө бир маанилүү орунду ээлеп, элдин өткөн турмушун, оор жана татаал тагдырын таанып-билүүдө баа жеткис көркөм байлык экени талашсыз чындык

**Адабияттар:**


1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 6-том. Бишкек - 2012
2. КР УИАнын Кол жазмалар бөлүмү. Инв. №68 (262).
3. КР УИАнын Кол жазмалар бөлүмү. Инв. №84 (285)
4. КР УИАнын Кол жазмалар бөлүмү. Инв №150 (361)
5. КР УИАнын Кол жазмалар бөлүмү Инв №151 (362)